**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**
**ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИ**

**№2-жыйынынын протоколу**

**Дата: 29.02.2016.**
**Убакыт: 16.00.**
**Бөлмө: Конференц-зал**

**КҮН ТАРТИБИНДЕГИ МАСЕЛЕЛЕР:**

1. 2015-2016-жылына карата бүтүрүүчү 9-11-класстар үчүн бүтүрүү экзамендеринин типтүү билеттерин бекитүү жөнүндө.

*С.Жаанбаев*

2. Профессор С.Байгазиевдин 70-жылдык юбилейине арналган эл аралык илимий-практикалык конференциянын планын бекитүү.

*С.Жаанбаев*

3. Профессор С.Рысбаевдин 60-жылдык юбилейине карата өткөрүлө турган чыгармачылык кеченин планын бекитүү.

*С.Жаанбаев*

4. Жаңы предметтик стандарттардын негизинде даярдалган окуу программаларын бекитүү жөнүндө.

*КББАнын лаборатория, борборлорунун жетекчилери*

4.1. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн билим берүү уюмдарынын 5-9-класстары үчүн Кыргыз тили боюнча окуу программасы (түзүүчүлөр: Мусаева В.И., Чыманов Ж.А., Акматов И.).

*С.Рысбаев*

4.2. Программа по физической культуре для уч-ся 5-9-х классов общеобразовательных школ КР (сост. Мамытов А.М, Иманалиев Т.Т., Судоргин Е.П.).

*Ибирайым кызы Айжан*

5. Өзбек мектептер үчүн окуу китептерин бекитүү жөнүндө.

*Б.Рыспаева, С.Жаанбаев*

6. Билим-ТВнын видеосабактарын бекитүү жөнүндө.

*Е.Син, С.Рысбаев*

7. Кол жазмаларды бекитүү.

7.1. Ата-энелер, сиздер үчүн. Методикалык колдонмо (түзг. Мадаминов Г.М.–168бет).

*М.Иманкулов*

7.2. Адептүүлүктүн башаты татыктуу тарбия. Методикалык колдонмо (түзгөндөр Алымбаева Б.В., Мансапова Г.М. – 111 бет).

*М.Иманкулов*

7.3. Саламаттыгыңды сактай бил. Илимий-популярдуу басылма (түзгөн Мамытов А.М.).

*Ибирайым кызы Айжан*

7.4. Кыргыз адабияты. Программалык чыгармалардын антологиясы (элдик оозеки чыгармачылык (фольклор), түрк элдеринин орток мурастары жана акындар поэзиясы), 1,2-бөлүк – 256, 212 бет (Түзгөн Мусаева В.И.)

**А.Мамытов:** Урматтуу Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү, 21 мүчөдөн 19 мүчөсү бүгүнкү отурумга катышып жатат. Б.Рыспаева, Н.Кайдиева Окумуштуулар кеңешинин отурумуна лаборатория башчы катары катышат. Отурумду баштоого ким макул? Каршы? Калыс? Окумуштуулар кеңешинин отурумга катышкан 19 мүчөсү макул, каршы, калыс жок. Анда отурумду баштайбыз. Күн тартибинде 7 маселе.

1. **2015-2016-окуу жылына карата бүтүрүүчү 9-11-класстар үчүн бүтүрүү экзамендеринин типтүү билеттерин бекитүү жөнүндө.**

**Угулду:** КББАнын уюштуруу-методикалык бөлүмүнүн башчысы С.Жаанбаев төмөнкүлөрдү билдирди:

2015-2016-окуу жылына карата 9-11-класстардын бүтүрүү экзамендеринин типтүү билеттерин карап, кайра иштеп чыгуу үчүн 2015-жылдын декабрь, 2016-жылдын январь айларында тиешелүү лабораторияларга бөлүнүп берилип, андагы адистер өз предметтери боюнча иш алып барышты. Типтүү билеттер кыргыз, орус тилдеринде чыгарылат. Айрым предметтердин (кыргыз тили, орус тили, химия, математика) суроолоруна, сочинениелердин тематикаларына (орус тили, кыргыз тили) 15-20% өзгөртүүлөр киргизилди. Типтүү билеттердин аягында окуучулардын оозеки жана жазуу иштерин баалоонун нормативдери (9-11-кл.), дил баяндардын тематикалары (11-кл.) киргизилген. Даярдалган предметтердин тизмеси:

**9-класс үчүн (кыргызча):**

1) Кыргыз тили 2) Русский язык и литература 3) Кыргызстан тарыхы 4) География 5) Геометрия 6) Физика 7) Химия 8) Биология 9) Информатика 10) Кечки мектеп үчүн геометрия 11) Окуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн кыргыз тили.

**9-класс үчүн (орусча):**

1) Русский язык 2) Русская литература 3) Кыргызский язык 4) История Кыргызстана 5) География 6) Геометрия 7) Физика 8) Химия 9) Биология 10) Информатика 11) Геометрия для вечерних школ.

**11-класс үчүн (кыргызча):**

1) Кыргыз тили, кыргыз адабияты 2) Кыргызстан тарыхы 3) География 4)Геометрия 5) Физика 6) Химия **7)** Биология 8) Информатика 9) Алгебра жана анализдин башталышы кечки мектеп үчүн.

**11-класс үчүн (орусча):**

1) Русская литература 2)История Кыргызстана 3) География 4)Геометрия 5) Физика 6)Химия 7) Биология 8) Информатика 9)Алгебра и начала анализа для вечерней школы.

*Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү экзамендик билеттердин мазмуну окуу программага ылайык түзүлгөнүн дагы бир жолу басым кылып айтышты.*

**А.Мамытов:** Принимаем с изменениями и дополнениями. Кто за утверждение экзаменационных билетов за 2015-2016 учебный год? 19 членов. Против – нет. Воздержавшихся – нет.

**Талкуунун жана добуш берүүнүн жыйынтыгында Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. 2015-2016-окуу жылына карата 9-класстар үчүн төмөнкү предметтер боюнча бүтүрүү экзамендеринин типтүү билеттери жактырылсын жана бекитилсин:

**9-класс (кыргызча):** кыргыз тили, русский язык и литература, Кыргызстан тарыхы, география, геометрия, физика, химия, биология, информатика, окуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн кыргыз тили.

**9-класс (орусча):**русский язык, русская литература, кыргызский язык, история Кыргызстана, география, геометрия, физика, химия, биология, информатика.

**11-класс (кыргызча):** кыргыз тили, кыргыз адабияты, Кыргызстан тарыхы, география, геометрия, физика, химия, биология, информатика.
**11-класс үчүн (орусча): р**усская литература, история Кыргызстана, география, геометрия, физика, химия, биология, информатика.

2. Типтүү билеттерди басып чыгаруу жагы “Билим” басма борборуна милдеттендирилсин.

2. **Профессор С.Байгазиевдин 70 жылдык юбилейине арналган илимий-практикалык конференциянын планын бекитүү жөнүндө.**

**Угулду:** КББАнын уюштуруу - методикалык бөлүмүнүн башчысы С.Жаанбаевдин билдирүүсү.

Кыргыз билим берүү академиясынын вице-президенти, филология илимдеринин доктору, Россиянын Эл аралык социалдык жана педагогикалык илимдер академиясынын академиги, Кыргыз билим берүү академиясынын академиги, КРдин билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, Кыргыз Республикасынын илим жана техника жагындагы Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, КРдин Ч.Айтматов атындагы Мамлекеттик жаштар сыйлыгынын ээси, Эл аралык «Руханият» сыйлыгынын лауреаты, профессор С.О.Байгазиевдин 70 жылдык мааракесине карата «**Кыргыз элинин тарыхый-маданий мурастары жана жалпы адамзаттык баалуулуктар – Кыргызстандын жаштарынын жарандык-патриоттук менталитетин калыптандыруунун кубаттуу тарбиялык фактору**» («Историко-культурное наследие Кыргызского народа и общечеловеческие ценности – мощный воспитательный фактор в формировании гражданско-патриотического менталитета молодежи Кыргызстана») аттуу эл аралык илимий-практикалык конференциянын өткөрүлүшү пландаштырылды. Аталган конференция боюнча 2016-жылдын 2-февралында министрликтин №113/1буйругу чыкты, Уюштуруу тобунун, жумушчу топтун курамы бекиди. Мааракени өткөрүү 2016-жылдын ноябрь айына пландаштырылып жатат. Мааракени өткөрүүнүн иш-планы даярдалды (План тиркелет).

Иш-чараны өткөрүү боюнча спонсорлорду тартуу жагы каралып жатат.

**А.Мамытов:** Эң оору – конференциянын мазмунун калыптандыруу. Добуш берүүнү сунуштайм.

С.Байгазиевдин 70 жылдык юбилейине карата өткөрүү боюнча иш-планын бекитүүгө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 19 мүчөсү макул болушту, каршы - 0, калыс –0.

Талкуунун жана добуш берүүнүн жыйынтыгында **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Профессор С.Байгазиевдин 70 жылдык юбилейине арналган мааракелер боюнча КББАнын уюштуруу-методикалык бөлүмүнүн башчысы С.Жаанбаевдин билдирүүсү кабыл алынсын жана илимий-практикалык конференциянын иш-планы бекитилсин.
2. Юбилярдын буклетин, маалымат катты, чакыруу баракчаларын чыгаруу жагы “Билим” басма борборуна милдеттендирилсин.

3. **Профессор С.Рысбаевдин 60 жылдык юбилейине карата өткөрүлө турган чыгармачылык кеченин планын бекитүү жөнүндө.**

**Угулду:** КББАнын уюштуруу-методикалык бөлүмүнүн башчысы С.Жаанбаевдин билдирүүсү.

Кыргыз билим берүү академиясынын Мамлекеттик, расмий жана чет тилдер лабораториясынын башчысы, п.и.д. профессор С.Рысбаевдин 60 жылдык чыгармачылык кечесин 2016-жылдын май айында өткөрүү пландаштырылып жатат. Кечени өткөрүү боюнча Кыргыз билим берүү академиясынын буйругу, уюштуруу тобунун курамы бекитилди. Юбилейди өткөрүүнүн иш-планы даярдалды. Числосун тактоо керек. Спонсорлорду тартуу жагы каралып жатат.

С.Рысбаевдин илимий-чыгармачылык кечеси уюштурулат.

**С.Рысбаев:** Кече өтө берет, пьеса коюлбай калды.

С.Рысбаевдин 60 жылдык чыгармачылык кечесин өткөрүүнүн иш-планы отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 19 мүчөсү колдоп добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн жыйынтыгында **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. С.Рысбаевдин 60 жылдык чыгармачылык кечесин өткөрүү жөнүндө КББАнын уюштуруу-методикалык бөлүмүнүн башчысы С.Жаанбаевдин билдирүүсү кабыл алынсын жана юбилейди өткөрүү иш-планы бекитилсин.
2. Юбилярдын буклетин, маалымат катты, чакыруу баракчаларын чыгаруу жагы “Билим” басма борборуна милдеттендирилсин.

**4. Жаңы предметтик стандарттардын негизинде даярдалган окуу программаларын бекитүү жөнүндө.**

4.1.**Жаңы предметтик стандартын негизинде даярдалган окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн орто мектептердин жана гимназиялардын 5-9-класстарынын Кыргыз тили предметинин окуу программасын** (түзүүчүлөр: Мусаева В.И., Чыманов Ж., Акматов И., илимий редактор п.и.д., профессор С.К.Рысбаев) бекитүү жөнүндө.

**Угулду:** Мамлекеттик, расмий жана чет тилдерлабораториясынын башчысы, п.и.д., профессор С.К.Рысбаев Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн орто мектептердин жана гимназиялардын 5-9-класстарынын Кыргыз тили предметинин окуу программасы тууралуу билдирүүсү.

Программанын мазмундук өзөгү бир катар жаңылануу менен, окуу планына жараша төмөндөгү иштер аткарылды:

1. Аталган программа Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Билим берүү жөнүндө», «Мамлекеттик тил жөнүндө» мыйзамдарын эске алуу менен Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген Кыргыз тилин эне тил катары окутуунун предметтик стандартынын (5-9-кл.2014-ж.) негизинде иштелип, сааттар такталып чыкты.
2. Программада кыргыз тилин эне тил катары окутуунун деңгээлин жогорулатып, натыйжалуулугун арттыруу максатында тилдик-грамматикалык материалдарды каражат катары колдонуу менен окуучулардын оозеки, жазуу кеп маданиятын тактап айтканда, ар кыл турмуштук кырдаалга ылайык кептин ар кыл стилдеринде так, орундуу, адептүү, негиздүү, далилдүү, логикалуу сүйлөшүүгө, баарлашууга, маектешүүгө, үлгүлүү кеп маданиятына, өз алдынча чыгармачылык менен диалог, монолог, текст түзө билүүгө окутуп-үйрөтүүчү, кептик-коммуникативдик ыкмаларын, көндүмдөрүн калыптандыруучу практикалык түрдөгү машыгуу, көнүгүүлөргө кеңири орун берилди. Эң башкысы «Кыргыз тилин эне тил катары окутуунун предметтик стандартындагы» эне тилин максатка ылайыктап, натыйжалуу окутуу үчүн кептик, тилдик жана маданий компетенттүүлүктөрдүн негизинде инсанга багыттап окутуп-үйрөтүүгө басым жасалып, ар бир класстын аягында аталган компетенттүүлүктөр боюнча окуучулар ээ боло турган окуп-үйрөнүүдөн күтүлүүчү натыйжалар сунушталды. Бул программанын өзгөчөлүгү таблица түрүндө берилип, нормативдик документти камтыды.

3.Мектеп мугалимдеринин жаңы түзүлгөн программа боюнча оң пикирлерин билдиришкен.Бишкек шаарындагы №68-мектепте,Беш-Күнгөй,Көк-Жар мектептеринде программа апробациядан өттү.Бул программа бүтүндөй жаңыланып, структурасы түп тамырынан жаңыланды. Мурда сүйлөө маданияты, кеп маданияты четте калчы. Дайыма айтылып келген байланыштуу кебинин проблемаларын ушул программанын негизинде жүзөгө ашырдык деп айтсак болот.

**А.Мамытов:** Анда эмесе кыргыз тил программасын бекитүүнү добушка коелу. Ким макул? Ким каршы? Калыс?

Жаңы предметтик стандартын негизинде даярдалган окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн орто мектептердин жана гимназиялардын 5-9-класстарынын Кыргыз тили предметинин окуу программасынын ушундай мазмуну жана түзүлүшү, анын жаңылыктары тууралуу маалыматтарды угуу менен, аны бекитүүгө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 19 мүчөсү макул болду, каршы – 0 , калыс – 0.

Жогоруда айтылгандардын жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат**:

1. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн орто мектептердин жана гимназиялардын 5-9-класстарынын Кыргыз тили предметинин окуу программасы (түзүүчүлөр: Мусаева В.И., Чыманов Ж., Акматов И., илимий редактор п.и.д., профессор С.К.Рысбаев) бекитилсин.

**4. Жаңы предметтик стандарттардын негизинде даярдалган окуу программаларын бекитүү жөнүндө.**

**4.2. Об утверждении программы по физической культуре для 5-9-х классов общеобразовательных школ**(составители: д.п.н., проф. Мамытов А.М., к.п.н, доц. Иманалиев Т.Т., доц. Судоргин Е.П.).

**Слушали:** представление заведующей лабораторией Ибирайым кызы А., которая сообщила, что рукопись учебной программы по физической культуре для 5-9-х классов общеобразовательных школ составлена в соответствии с требованиями предметного стандарта, ориентированного на достижение конечного оцениваемого результата, имеющего общественное и личное значение, а также высокий уровень физической подготовленности учащихся, направленный на оптимальную двигательную активность и готовность к труду и обороне Родины. Также отметила, что с учётом предложений учителей-практиков в нормативы по физической подготовленности внесены отдельные изменения, так как в новой программе определены содержательные линии и предметные компенетности, на основе которых намечены ожидаемые результаты. Данная программа одобрена на заседании лаборатории.

После обсуждения рукописи программы по физкультуреданный вопрос поставлен на голосование. По итогам голосования 19 присутствующих членов Ученого совета проголосовали за утверждение рукописи учебной программы по физической культуре для 5-9-х классов общеобразовательных школ, против, воздержавшихся нет.

На основании обсуждения и голосования Ученый совет **постановляет:**

1. Одобрить программу по физической культуре для 5-9-х классов общеобразовательных школ (составители: д.п.н., проф. Мамытов А.М., к.п.н, доц. Иманалиев Т.Т., доц. Судоргин Е.П.).

**5. Өзбек мектептер үчүн окуу китептерин бекитүү жөнүндө.**

**Угулду:** Табигый-математикалык предметтер лабораториясынын башчысынын милдетин аткаруучу Б.Рыспаеванын билдирүүсү.

Ош шаарындагы Окуу китептерин даярдоо борбору тарабынан кыргыз тилинен өзбек тилине которулган окуу китептеринин кол жазмалары лабораторияда каралды:

1. Физика7-класс, түзг. Мамбетакунов Э., 2009-ж., (которгон: Ибрагимова Г.Г.). КББАнын Окумуштуулар кеңешинин26.11.2008-ж. №69жыйындын токтому менен бекитилген.
2. Физика 8-класс, түзг. Карашев Т. ж.б., 2008-ж., (которг.: Ташходжаев Ш., Хамидова Х.). КББАнын Окумуштуулар кеңешинин 14.12.2004-ж. №9 жыйындын токтому менен бекитилген.
3. Физика 9-класс, түзг. Мамбетакунов Э. ж.б.), 2008-ж., (которгон: Хаитов Ш., Исаков А.). КББАнын Окумуштуулар кеңешинин 25.03.2004-ж. жыйынынын токтому менен бекитилген.
4. Физика 10 –класс, түзг. Койчуманов М. ж.б.), 2008-ж. (которгон: Ташходжаев Ш.).
5. Физика 11-класс, түзг. Шаршекеев Ө., 2012-ж.(которгон: Ташходжаев Ш., Хаитов Ш.) КББАнын Окумуштуулар кеңешинин 29.09.2008-ж. №67 жыйындын токтому менен бекитилген.
6. Астрономия-11, Ө.Шаршекеев, 2012-ж. (которгон: Тошматов М.). КББАнын Окумуштуулар кеңешинин 21.01.2011-ж. №1 жыйындын токтому менен бекитилген.

Кол жазмалар, негизинен, учурда колдонулуп жаткан предметтик стандарт (2006-жыл), окуу программаларына ылайык түзүлгөн. Алардын айрымдары КББАнын Окумуштуулар кеңешинде бекитилип, басылып чыгып, көп жылдан бери колдонулуп жаткан кыргыз тилиндеги негизги окуу китептеринен которулган.

Тактап айтканда, Билим берүү жана илим министрлиги берген тизменин ичинен Физика7-класс, түзг. Мамбетакунов Э., 2009-ж., Физика 8-класс, түзг. Карашев Т. ж.б., 2008-ж., Физика 9-класс, түзг. Мамбетакунов Э. ж.б.), 2008-ж., Физика 11-класс, түзг. Шаршекеев Ө., 2012-ж., Астрономия 11-класс, түзг. Шаршекеев Ө., 2012-ж. окуу китептери КББАнын Окумуштуулар кеңешинде каралып **бекитилген.**

Кыргыз тилинен өзбек тилине которулган окуу китептеринин учурда колдонулуп жаткан предметтик стандарт (2006-жыл), окуу программаларына ылайык түзүлгөндүгү белгиленди.

Аталган окуу китептеринде программалык материалдар толук камтылган. Бөлүмдөр, главалар, параграфтар окуу китептердин түп нускалары менен бирдей ырааттуулукта жайгаштырылган. Иллюстрациялык материалдар да туура, так жана орду-орду менен берилген.

Экспертиза учурунда 7, 9, 11-класстардын окуу китептери майда шрифттер жана тыгыз интервалдар менен жазылганы белгиленди.

Физика 8-класс, түзг. Карашев Т. ж.б., 2008-ж., Физика 9-класс, түзг. Мамбетакунов Э. ж.б., 2008-ж., Физика 10-класс, түзг. Койчуманов М. ж.б., 2008-ж.) КББАнын Окумуштуулар кеңешинде **каралган эмес.**

Талкууда Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү КББАнын Окумуштуулар кеңешинде бекитилген китептерди кайрадан бекитүүнү сунуштады. Физика 10-класс, түзг. Койчуманов М. ж.б. КББАнын Окумуштуулар кеңешинде кароодон өткөн эмес,ошондуктан өзбек тилине которулган окуу китебин колдоого мүмкүн эмес деп белгиленди.

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү кыргыз тилинен өзбек тилине которулган окуу китептеринин сапаты (орфографиялык, грамматикалык жактан) боюнча жоопкерчиликти Ош шаарындагы Окуу китептерин даярдоо борборуна жана авторлорго калтыруу зарыл экендигин басым кылып белгилешти. Талкуудан кийин добуш берүү болуп өттү. Окумуштуулар кеңешинин отурумга катышкан 19 мүчөсү өзбек тилине которулган окуу китептерин бекитүүнү колдоп добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Физика 7-класс (түзг. Мамбетакунов Э., 2009-ж., которгон: Ибрагимова Г.Г.) басууга сунушталсын.

2. Физика 8-класс, түзг. Карашев Т. ж.б., 2008-ж., (которг.: Ташходжаев Ш., Хамидова Х.) басууга сунушталсын.

3. Физика 9-класс, түзг. Мамбетакунов Э. ж.б.), 2008-ж., (которгон: Хаитов Ш., Исаков А.) басууга сунушталсын.

4. Физика 11-класс, түзг. Шаршекеев Ө., 2012-ж. (которгон: Ташходжаев Ш., Хаитов Ш.) басууга сунушталсын.

5. Астрономия 11-класс, түзг. Шаршекеев Ө., 2012-ж. (которгон: Тошматов М.) басууга сунушталсын.

6. Аталган окуу китептеринин сапаты (орфографиялык, грамматикалык жактан) боюнча жоопкерчилик Ош шаарындагы Окуу китептерин даярдоо борборуна жана авторлорго тийиштүү экендиги эске алынсын.

7. Физика 10-класс, түзг. Койчуманов М. ж.б., 2008-ж. окуу китебин Кыргыз билим берүү академиясынын Окумуштуулар кеңешинде бекитилбегендигине байланыштуу басууга сунушталбасын.

**6. Билим ТВнын видеосабактарын бекитүү жөнүндө.**

**Угулду:** Табигый-математикалык предметтер лабораториясынынбашчысы, п.и.д. **Е.Синдин** Билим ТВ каналынын математика, биология, химия, география предметтери боюнча видеосабактардын берилиши тууралуу билдирүүсү.

Видеосабактар лабораториянын илимий кызматкерлери тарабынан төмөндөгүдөй **критерийлер менен каралды:**

1) видеосабактын мазмунунун учурда колдонулуп жаткан предметтик стандарт окуу программасына, ылайык түзүлгөндүгү, календарлык-тематикалык планга дал келиши;
2) сабактардын элементтеринин логикалык байланышы;
3) сабакта усулдук ыкмалардын колдонуусунун эффективдүүлүгү;
4) сабактын жүрүшүндө окуу материалдарынын натыйжалуу берилиши;
5) видеосабактын мазмунун илимийлүүлүгү, ырааттулугу;
6) видеосабактагы визуалдуу (схема, таблицалардын, сүрөттөрдүн, диаграммалардын, анимациялардын) материалдардын берилиш деңгээли;
7) окуу китебинде берилген окуу материалдарынан сырткары кошумча маанилүү, кызыктуу материалдардын пайдаланылышы;
8) күтүлүүчү натыйжаларды пландаштыруу, сабактын максатында көрсөтүү;
9) мугалимдин сабакка берилген убакытты эффективдүү пайдалануусу;
10) мугалимдин кесиптик сабаттуулугу, чеберчилиги.

**Математика. Учителя Дайырбекова Г.М., педстаж 28 лет, Казакова Н., педстаж 16 лет, Алымов Кыялбек, педстаж 1 год.**

В представленных телеуроках для 7-11-х классов отсутствуют математические или грубые методические ошибки. Рисунки, схемы, таблицы, графики демонстрируются в полном соответствии с содержанием учебного материала. Каждый урок имеет методически правильную структуру и состоит из вводной части, основного текста и выводов по уроку. Имеется тематический план проводимых уроков с 7 по 11 классы, а также конспекты уроков, в которых имеются такие пункты, как класс, предмет, Ф.И.О. учителя, тема урока, цели, основные понятия и слайдовое сопровождение. Все темы просмотренных телеуроков соответствуют программе по математике для общеобразовательных школ.

**Физика. Мугалимдер Жунусалиев К., педстаж 16 жыл, Садыкова Ж., педстаж 25 жыл.**

8-11-класстар үчүн арналган телесабактардын календардык-тематикалык пландарында берилген темалар колдонуудагы мамлекеттик стандартка ылайык иштелип чыккан окуу

программаларына дал келет.Темага ылайыктуу кызыктуу слайддар, анимациялар колдонулган.Даяр анимациялардын үнү өчүрүлүп, кыргызча, телемугалимдин өзүнүн үнү менен коштолуп берилгени сабактын сапатын арттырып турат.Ар бир жаңы окуу материалы түшүндүрүлгөндөн кийин аны бышыктоо үчүн тесттердин берилишин жана бир аз паузадан кийин тесттин туура жообун айтып коюусун ийгиликтүү ыкмасы катары баалоого болот. Мугалимдин эфирде өзүн алып жүрүүсү жакшы.

**Сунуштар:** Теле аркылуу сабак өтүүдө ар бир сабактын максатын так кое билүү, мектептерде бул сабактарды республика боюнча бирдей расписание боюнча эмес, кошумча сабак катарында колдонууга болот; окуучулардын компетенттүү билимге ээ болушуна басым жасоо зарыл; теле көрсөтүүдө өзгөчө практикалык жана лабораториялык иштерди окуучулар менен бирдикте өтсө мындан да жеткиликтүү болмок.

**Биология. Мугалим Жамангулова Г., педстаж 13 жыл, Каленова А., педстаж 27 жыл.**

***6-11-класстар үчүн түзүлгөн видеосабактардын жетишкендиктери:***

- Видеосабактардын материалдары жана мазмуну окуучулардын дүйнө таанымын кеңейтет;
- Процесстерди терең түшүндүрүүгө мүмкүндүк берилет;
- Сабактын окуу материалдары кошумча булактардан алынып мугалимдин чырамачылыгына кеңири жол ачат.
- Видеосабактарда уламалуулук жакшы сакталган;
- Окуучулардын материалдарды элестүү кабыл алуусу жүзөгө ашат;
- Мугалим ишенимдүү, жеткиликтүү, конкреттүү, так маалымат бере алат;
- Анимация жана видеолор менен жандуу берилле.

***Ошону менен бирге мугалимге төмөндөгүдөй сунуштар берилди:***

- Сабактын темасынан кийин сабактын жүрүшүндө өздөштүрүлүүчү маселелерди берүү б.а. материалды түшүндүрүүнү мотивациялык чөйрөдө алып баруу.
- «Кирилл и Мефодий: виртуальная школа» дискиндеги анимацияларды пайдалануу;
- Табигый объектилерди колдонуу керек, анткени нерсенин чыныгы турпатын көрбөй туруп фундаменталдык билим алуу мүмкүн эмес ошондуктан лабораториялык эксперименталдык иштер үчүн база түзүү сунушталат;
- Биологиялык процесстерге тиешелүү механизмдерди ачык айкын дааналап көргөзүүгө көбүрөөк токтолуу (өзгөчө 10-11 класстарда).

**Химия. Мугалимдер Исмаилова Сымбат, педстаж 20 жыл, Жээналиева Закия, педстаж 37 жыл.**

8-11-класстар үчүн даярдалган 10 видеосабакка анализ берилди. Өтүлгөн сабактар химия окуу программасына, календардык планга ылайык түзүлгөн. Ар бир сабактын максаты коюлуп, мугалим темага байланыштуу материалдарды химиялык экспериментти анимациялоо аркылуу слайддар түзүлүп, аны менен түшүндүрүүгө аракеттер жасалган. Слайддарда окуучулар кызыга турган материалдар киргизилген. Теле- сабак аркылуу окутуунун негизги максаты окуучулардын предметке болгон кызыгуусун арттырып, активдүү таанып билүүсүн өстүрмөкчү. Ар бир теманын аягында өтүлгөн теманы жыйынтыктоо, окуучулардын өзүнүн билимин текшерүү максатында проблемалык суроолордун коюлгандыгы методикалык жактан ыңгайлуу.

Учурда мектептерде химиялык эксперимент, лабораториялык иштерди аткарууга химиялык реактивтер, приборлор ж.б. жетишсиз болуп жаткан учурда маалыматтык коомдун талабына ылайык, инновациялык технологиянын (мультимедиялык, виртуалдык ж.б.) колдонулуп жатышы колдоого алаарлык көрүнүш. Айрыкча, химиялык өндүрүштөрдө жүрүүчү химиялык процесстердин анимация түрдө берилгени окуучунун предметтик компетенттүүлүгүн арттырмакчы. Ошондой эле телеканал аркылуу ар бир өтүлгөн сабак аркылуу окуучулардын маалыматтык компетенттүүлүгү, компетенттүү билимдери калыптанат.

**География. Мугалим Осмонбекова Т., педстаж 26 жыл.**

География предмети боюнча 6-, 7-, 9-класстар үчүн ар бир класс боюнча 30 дан (бардыгы 90) видеосабак түзүлгөн. Видеосабак 20 минутка ылайыкталып, окуу прогораммасынын мазмунун негизинде окуу китебиндеги материалдардан сырткары кошумча интернет, окуу методикалык куралдардан алынган материалдар менен айкалыштырып толукталып түзүлгөн. Маалыматтык окуу материалдары карта-схема, таблицалар, сүрөттөр, диаграммалар, анимациялардын жардамы менен берилиши окуучулардын окуу материалын жеңил кабыл алууга мүмкүнчүлүк түзүп, окуучулардын кызыгуусун жаратаары шексиз. Мугалим окуу маалыматын берип жатып окутуунун интерактивдүү режимин камсыз кылуу максатында окуучуларга тесттик формасында суроо менен кайрылып, кандайдыр бир секунд өткөндөн кийин туура жообун айтып, андан ары туура жоопту тастыктоо иретинде маалыматты анимациялык схема-таблицалар аркылуу көрсөтүп айтып берет. Видео-сабактар учурда кыргыз тилинде окутулуучу жалпы билим берүү уюмдарынын окуучулары, мугалимдери үчүн кыргыз тилиндеги окуу-методикалык куралдар жетишсиз болуп жаткан мезгилде мектеп географиясын окуп-үйрөнүү үчүн чоң жеңилдиктерди түзүү менен бирге предметти окутуунун сапатын жогорулатууга көмөк болот.

Жогорудагы жетишкендиктер менен бирге кээ бир кемчиликтер белгиленди:

- кээ бир сабактарды мугалим сабактын темасын айтуу менен эле чектелип, сабактан алынуучу күтүлүүчү натыйжалары белгиленген эмес;
- сабактын кээ бир этаптарында мугалимдин маалыматы жөнөкөй сүрөттөр менен берилип, дидактикалык максатсыз берилип калган;
- видеосабактагы сунушталган кээ бир видеороликтердин убактысы көп болуп, кереги жок маалыматтар берилип калган.

**Методикалык сунуштар:**

- ар бир теманы берэрдин алдында сабактан алынуучу күтүлүүчү натыйжаларды тактоо; күтүлүүчү натыйжалардан кийин таяныч түшүнүктөрдү берүү;
- ар бир сабакты баштаардын алдында мурунку өтүлгөн окуу материалы менен байланыштыруу максатында окуучулардын эсине салып коюу;
- сабакты мугалим тараптан жалпылоо же окуучулар үчүн 20 мүнөттүк видеосабактан кийинки аткарылуучу окуу иштерин билдирүү.

Жогорудагы жетишкендиктерди жана кээ бир сунуштарды эске алуу менен бирге география предмети боюнча түзүлгөн видеосабактар Мамлекеттик география боюнча предметтик стандартына жана окуу программасына каршы келбейт жана окуу процессинде пайдаланууга сунушталат.

**Угулду:** Мамлекеттик, расмий жана чет тилдер лабораториясынын башчысы п.и.д., проф. **С.Рысбаевдин** билдирүүсү.

**Русский язык. Учитель Мазенова Венера Амангельдиевна, педстаж 24 года.**

Все уроки русского языка, подготовленные для 8-9-х классов, спланированы во взаимосвязи друг с другом с учетом места каждого урока в системе уроков по разделу предмета. Следующий в последовательности урок дополняет предыдущий урок. Все элементы урока имеют между собой логическую взаимосвязь, учителем проведен тщательный отбор учебного материала для урока с учетом хронометража, эффективного использования выделенного времени.

Также на уроке учитель широко использует иллюстрации, видеофрагменты, видео экскурсии, таблицы, схемы. Активно применяются схемы-конспекты с анимацией, дидактический материал в виде презентаций.

Учителем выбран верный подход к подаче учебного материала в условиях преподавания русского языка в кыргызской школе: тема урока написана на русском и кыргызском языках, предложения составлены на двух языках. Идет постоянное сопоставление конструкций на

русском и кыргызском языках. Такой подход содействует осознанному восприятию и прочному усвоению знаний учащихся.

Учитель применяет наиболее эффективные для видеоуроков развивающие методы и приёмы обучения - это метод эвристической беседы, метод языкового анализа, метод проблемной ситуации, которые постепенно подводят ученика к необходимому обобщению учебного материала, направляют на поиск путей достижения поставленной цели.

**Русская литература. Учитель Кыдырмышева Айгуль Самидиновна, пед.стаж 19 лет.**

Содержание учебного материала, представленного на видеоуроках для 9-х, 11-х классов, дается в доступной форме, при составлении каждого урока наблюдается творческий подход учителя. В представленных телеуроках отсутствуют грубые методические ошибки. Все темы просмотренных телеуроков соответствуют программе по русской литературе для общеобразовательных школ с кыргызским языком обучения.

Замечание: Уроки очень насыщенные, за 20 минут дается большой объем информации, что усложняет учащимся усвоение учебного материала.

Кыргыз билим берүү академиясынын сабактарга катышкан илимий кызматкерлери Билим ТВда даярдалган видеосабактар учурда колдонулуп жаткан предметтик стандарттарга (2006-жыл) ылайык түзүлгөнүн, коюлган талаптарга жооп берэрин белгилешти.

Предметтер боюнча видеосабактарды мындан ары даярдоодо Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүнүн жаңы мамлекеттик стандарттарынын (КРнын Өкмөтүнүн №403 токтому, 21.07.2014-ж.), жаңы предметтик стандарттардын (КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин №1247/1 08.10.2015-ж.) негизинде даярдоону сунуштады.

Билим ТВда 7 предмет боюнча Табигый-математикалык предметтер лабораториясынын адистери 70 видеосабак, Мамлекеттик, расмий жана чет тилдер лабораториясынын адистери 30 сабактарды көрүп, анализ жасашты.

Билим ТВда математика, физика, биология, химия, география, орус тили, орус адабияты предметтери боюнча көрсөтүлгөн видеосабактарга берилген маалыматтарды угуу менен, отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 19 мүчөсү видеосабактарды колдоп добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

Жогоруда айтылгандардын негизинде **Окумуштуулар кеңешитоктом кылат**:

1. Билим ТВда математика (7-11-кл.), физика (8-11-кл.), биология (6-11-кл.), химия (8-11-кл.), география (6-, 7-, 9-кл.), орус тили (8-9-кл.), орус адабияты (9-, 11-кл.) предметтери боюнча даярдалган видеосабактар жактырылсын.

**7. Кол жазмаларды бекитүү.**

**7.1. Ата-энелер, сиздер үчүн. Методикалык колдонмо (түзгөн Мадаминов Г.М. – 168бет).**

**Угулду:** Социалдык-гуманитардык предметтер лабораториясынын башчысы, п.и.к., доцент М.К.Иманкулов аталган кол жазма тууралуу төмөндөгүлөрдү билдирди.

Кол жазманы үй-бүлөдө бала тарбиясына ата-энелердин көңүлүн буруу максатында автор көп жылдык педагогикалык тажрыйбаларын окумуштуулардын илимий көз-караштарын жана ой-пикирлерин жеткчиликке алуу менен иштеп чыккан. Өзү иштеген №3-мектепте «Мыкты үй-бүлө», «Мыкты эне», «Мыкты сабак даярдоочу бөлмө» аттуу инновациалык конкурстардын жоболорун иштеп чыгып, сынактан өткөргөн. Ал эксперименталдык тажрыйбаны областык, райондук, жана айылдык мектептерге да жайылтып, аталган тармактардагы тиешелүү адистердин жана элдин колдоосуна ээ болгон.

Аны менен бирге Энелер мектебинин жобосун, аны өткөрүүнүн жолдорун сунуштап жатат. Энелер мектеби 1997-жылдан бери иштеп келе жаткандыгы жана ал 1-класстын ата-энелери үчүн 10-15 күндүк атайын курс катары өткөрүлүп, сабак-лекция түрүндө

уюштурулуп тургандыгы, ошондой эле жакшы жыйынтыктар болгондугу далилдүү сунуштар аркылуу көрсөтүлгөн.

Колдонмонун мазмундук бөлүктөрүндө үй-бүлө тарбиясында балдардын жаш курак өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен тарбиялоо зарылдыгы атайын жаш курак картасы аркылуу бекемделип, тарбиянын негизги багыттары тууралуу илимий-педагогикалык ой-пикирлери да ишенимдүү көрсөтүлгөн.

Эмгектеги мындай баалуу тажрыйбаларды жайылтуучу колдонмолор бүгүнкү мезгилде актуалдуу маселелердин бирине айланып, аны чечүүнүн жолун табуу талабы күн тартибинде күйүп турган учурда жалпы эле ата-энелер, мектеп жетекчилери, тарбиячылар жана мугалимдер үчүн зарыл.

Аталган колдонмону окуу процессинин натыйжалуулугун арттырууга пайдасы тиет деп баалоого болот, себеби колдонмодо баалуу усулдук сунуштар берилген. Материалды баяндап берүүдө уланмалуулук, илимийлүүлүк, жеткиликтүү- лук, ж.б. дидактикалык принциптер сакталган. Берилген материалдардын мазмундук өзгөчөлүгү – автордук идеялар жана эксперименттердин заман талабына шайкештиги.

Кол жазма тууралууп.и.д., Ходжентуниверситетинин профессору Х.Жонназаровдун пикири бар.

**А.Мамытов:** Г.Мадаминовдун кол жазмасын добушка коелу.

Айтылган маалыматты угуп Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү кол жазманы талкуулап добуш беришти. Отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 19 мүчөсү кол жазманы колдоп добуш беришти, каршы – 0, калыс - 0.

Жогоруда айтылгандардын жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат**:

1. «Ата-энелер сиздер үчүн» (түзг. Мадаминов Г., эксперименталдык тажрыйбалардын негизинде жазылган) аттуу кол жазма жактырылсын жана басууга сунушталсын.

**7. Кол жазмаларды бекитүү.**

**7.2. Адептүүлүктүн башаты – татыктуу тарбия. Методикалык колдонмо (түзгөндөр Алымбаева Б.Б., Мансапова Г.М. – 111 бет).**

**Угулду:** Социалдык-гуманитардык предметтер лабораториясынын башчысы, п.и.к., доцент М.К.Иманкулов аталган кол жазма тууралуу төмөндөгүлөрдү билдирди.

Аталган методикалык колдонмо 6-класстардын класс жетекчилери үчүн түзүлүп, класс жетекчинин иш-аракеттери негизинен эки багытта көрсөтүлгөн, ал:

- класстык жамаат менен иш алып баруу;

-класстык сааттарда өткөрүлүүчү иш-чаралардын сценарийлери.

Колдонмонун аннотациясында негизги камтылган материалдар көрсөтүлгөн.

Сабактардын иштелмелери негизинен тарбиялык багытта берилген, жана ал педагогикалык-психологиялык тарбиялык мазмундуу материалдар Тарбиялык саат, Адеп сабактарынын окуу программаларынын мазмунун ичине камтыйт.

Аталган колдонмонун окуу процессинин натыйжалуулугун арттырууга пайдасы бар, анткени бул эмгектеги сабактардын иштелмелеринин максаттары, багыттары ар бир темага ылайык так көрсөтүлгөн жана интерактивдүү ыкмалар пайдаланылып, өтүлгөн сабактын таасирлерин турмушта пайдалана билүүгө да маанилүү сунуштар берилген. Ага ылайык сабактардын типтери, формалары, жана методдору көрсөтүлүп, аны жабдуунун жана уюштуруп өткөрүүнүн талаптары, принциптери сакталган. Бул класс жетекчилер үчүн иш уюштуруп алып барууга жакын көмөкчү болсо, тиешелүү сабактарды берген мугалимдер үчүн да колдонмо катары пайдаланууга ыңгайлуу экенин жана сабактын жүрүшүндө окуучулар үчүн керектүү маалыматтарды алууга жана өздөштүрүү жолдорун үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.

Кол жазмада айрым грамматикалык жана техникалык каталар кездешет, аларды авторлор оңдоп чыгышты.

Жогорудагы берилген билдирүүнү угуу менен кол жазманын аталышына токтолушту. А.Мамытов, С.Байгазиев, Д.Бабаев, А.Токтомаметов, М.Иманкуловсунуштарын беришип, кол жазманын аталышын “Адептүүлүккө тарбиялоо” деп сунушташты.

Кол жазманы “Адептүүлүккө тарбиялоо” жаңы аталышы менен бекитүүгө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 19 мүчөсү макул болуп добуш беришти, каршы – 0, калыс – 0.

Талкуунун жана добуш берүүнүн жыйынтыгында **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. “Адептүүлүктүн булагы – татыктуу тарбия” (түзүүчүлөр: Алымбаева Б.Б., Мансапова Г.М.) 6-класстардын класс жетекчилери үчүн методикалык колдонмосу “Адептүүлүккө тарбиялоо” жаңы аталышы менен жактырылсын жана басып чыгарууга сунушталсын.

7. **Кол жазмаларды бекитүү.**

**7.3.Саламаттыгыңды сактай бил. Илимий-популярдуу басылма (түзгөн Мамытов А.М.).**

**Угулду:** Технология жана искусство лабораториясынын башчысы, п.и.к., – Ибирайым к. А. аталган окуу куралынын кол жазмасы лабораторияда талкуулангандыгын маалымдап өттү.

Аталган окуу курал төрт бөлүмдөн турган. Биринчи бөлүмдө *кыймыл-аракет жана анын турмуштагы мааниси* жазылса, *мектептен сырткары дене чыңдоо максатында уюштурулуучу физкультуранын түрлөрү жана анын формалары* экинчи бөлүмдө каралган. Үчүнчү бөлүм *дем алыш күндөрдөгү активдүү эс алууну уюштурууга* арналса, төртүнчү бөлүмдө *жөө басуу жана жүгүрүүнүн методикалык өзгөчөлүктөрү* тууралуу жазылган. Акырында тиркеме берилген. Тиркемеде өспүрүм балдардын өз алдынча машыгуусун жүргүзүү үчүн окуу материалын бөлүштүрүүнүн жылдык графиги берилген. Бул окуу куралды дене тарбия мугалимдерине, окуучуларга жана ата-энелерге сунуштоого болот.

Саламаттыкты сактоодо ар түрдүү багыттагы медициналык-гигиеналык, физкультуралык жана спорттук чаралардын өз убактысында бири-бири менен айкалышып турушунун маанилүүлүгү белгиленип көрсөтүлгөн. Ошону менен катар кыймыл аракеттин активдүүлүгү жана анын турмуштагы мааниси класстан тышкары өткөрүлүүчү дене тарбиялык машыгуулардын ар кандай түрлөрүн жана аларды уюштуруунун, өткөрүүнүн ыкмаларын сөзсүз түрдө эске алынышы керектиги автор тарабынан баса белгиленип жазылган.

Кол жазмага карата жазылган п.и.к., доцент Т.Иманалиевдин рецензиясында китептин азыркы учурда актуалдуулугу, илимий жана практикалык жактан толук негизделген материалдар камтылганы жөнүндө, окуучулар оңой өздөштүрүүгө ыңгайлуу системада баяндалганы жөнүндө белгиленген.

Берилген маалыматтан кийин Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү кол жазманын мазмуну, түзүлүшү тууралуу талкуулашты. Талкуунун аягында добуш берүү болуп өттү. Отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 19 мүчөсү кол жазманы колдоп добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Саламаттыгыңды сактай бил. Илимий-популярдуу басылма (түзгөн Мамытов А.М.) жактырылсын жана басууга сунушталсын.

7. **Кол жазмаларды бекитүү.**

7.4.**Кыргыз адабияты. Программалык чыгармалардын антологиясы** (элдик оозеки чыгармачылык (фольклор), түрк элдеринин орток мурастары жана акындар поэзиясы), 1,2-бөлүк – 256, 212 бет (Түзгөн Мусаева В.И.).

**Угулду:** Мамлекеттик, расмий жана чет тилдерлабораториясынын башчысы, п.и.д., профессор С.К.Рысбаевдин билдирүүсү.

Аталган кол жазмалар окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн орто мектептердин 5-11-класстары үчүн кыргыз адабиятынын окуу программасына ылайыкталып түзүлдү. Кол жазмалардын I бөлүгүндө кыргыз элдик оозеки чыгармачылык (фольклор), түрк элдеринин орток мурастары жана акындар поэзиясы камтылса, ал эми, II бөлүгүндө кыргыз жазма (профессионалдык) адабиятынын жана соңку адабияттын окуу материалдары орун алды. Тактап айтканда, фольклордон баштап, бүгүнкү соңку кыргыз адабиятынын өкүлдөрүнүн
программалык чыгармалары тарыхый-хронологиялык тартипте сунушталды. Программалык чыгармалардын мазмунун кыскартпастан толук камтууга аракет жасалды. Окуу материалдары тарыхый-хронологиялык тартипте жайгашканы менен ар бир чыгарма ар бир класстагы окуучулардын курактык өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташтырылып, жеңилден оорго, белгисизден белгилүүгө деген принциптердин негизинде орун алды. Кыргыз адабиятынын айрым окуу материалдары окуу китептеринен орун албагандыктан, бул окуу хрестоматиясы кошумча окуу куралы катары пайдаланылат деген ниеттебиз. Бул кол жазмаларга карата ф.и.д., профессор С.О.Байгазиевдин жана КРнын Эл мугалими Б.Исаковдун оң пикирлери тиркелди.

Жыйындын катышуучулары кол жазманы талкууга алышты жана жактырышты.

Кол жазманын ушундай мазмуну жана түзүлүшү, анын жаңылыктары тууралуу маалыматтарды угуу менен, аны бекитүүгө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 19 мүчөсү макул болду, каршы – 0, калыс – 0.

Жогоруда айтылгандардын негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат**:

1. Кыргыз адабияты. Программалык чыгармалардын антологиясы (элдик оозеки чыгармачылык (фольклор), түрк элдеринин орток мурастары жана акындар поэзиясы), 1,2-бөлүк – 256, 212 бет (түзгөн Мусаева В.И.) кол жазмалар жактырылсын жана басууга сунушталсын.

**А.Мамытов:** Өзбек китептери боюнча эртең, 1-мартта Окумуштуулар кеңешинин токтомунун көчүрмөсүн министрликке жеткирип бериңиздер, Айнагуль Маликовна, Сеит Жаанбаевич.

1-2-класстардын китептери боюнча маалыматты 15-мартка чейин деген эле. Азыр мугалимдердин пикирлерин чогултуп жатышат. Мисалы, Мкртчяндын китеби боюнча эки пикир бар: жарайт, жана жарабайт. 2011-жылы КАО оң пикирин берсе, азыр деле ошондой пикир бериш керек. Кээ бир китептер апрбацияга биздин чечими жок эле кетип калган, биздин чечими жок эле басылып чыккан. Бизде лист оценки бар, ошол лист боюнча баалоо керек. Тил комиссиясына канча кол жазма берилди?

**С.Жаанбаев:** 27 кол жазма.

**А.Мамытов:** Бекиген кол жазмаларды дагы кошуп бериңиз. Башка суроолор жок болсо бүгүнкү отурум аяктады.

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы,**
**п.и.д., профессор:** **А.Мамытов**

**Окумуштуу катчы** **А.Ниязова**